БЕКИТЕМИН:
№87 орто мектебинин
директорунун у.м.а: Акимбай к Н

**2021-2022-окуу жылына карата №87 орто мектебиндеги жаш мугалимдер менен иштелүүчү иштин планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Өтүү убагы | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы окуу жылында жаш мугалимдер менен таанышуу, алардын тизмесин тактоо, мектеп менен тааныштыруу | 15-30. 08. 21 | Методист |
| 2 | Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдерди бекитүү | Сентябрь | Методист, ОТИ боюнча завуч |
| 3 | Жаш мугалимдерди иштелүүчү иштин пландары менен тааныштыруу, портфолиолорун ачуу жана аны толтуруууга багыт берүү | Сентябрь | Методист, УБ жетекчиси |
| 4 | Жаш мугалимдердин өз билимин көтөрүү боюнча теманы тандап алуусуна карата усулдук багыт берүү | Сентябрь | Методист, насаатчы мугалимдер |
| 5 | Мектеп документациясы боюнча инструктаж өтүү (календардык пландарды түзүүгө жана план конспектини жазууда, класстык журналдарды толтуруунун эрежелери, жазуу дептерлерди, күндөлүктөрдү текшерүүнүн жолдору боюнча багыт берүү) | Сентябрь | Методист |
| 6 | Жаңы келген жана жаш мугалимдердин жазган план - конспектилерин текшерүү | Сентябрь | Методист |
| 7 | Насаатчы мугалимдердин жаш мугалимдер менен иштөө үчүн түзгөн планын текшерүү жана бекитүү | Сентябрь | Методист, ОТИ боюнча завуч |
| 8 | Биринчи жыл иштеген жаш мугалимдерге усулдук жардам:<br>• 1-сабак: Мугалимдин классты башкара билүүсү, мугалимдин окуучуга жасаган мамилеси | Сентябрь | Методист |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | • “Сабактын структурасын кантип түзүүгө болот?”, сабактын максаттары (окуучунун позициясында), сабактын тиби, формасы жана колдонулуучу методдор”<br>• Жолдоштук сабакка кирүү дептерлерин уюштурууну түшүндүрүү | | |
| 9 | Жаш мугалимдерге усулдук жардам:<br>• 2-сабак: “Өзүнүн сабагына анализ берүүгө жана башка бирөөнүн сабагына туура анализ берүүгө багыт берүү жана аларды көнүктүрүү,ачык сабактардын анализдеринин протоколдорун жазууну үйрөтүү”<br>• 3-сабак: “Баалоонун түрлөрү” | Октябрь | Методист |
| 10 | Жаш мугалимдер үчүн практикалык семинар уюштуруу | Октябрь | Методист |
| 11 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Октябрь | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 12 | Жаш мугалимдер үчүн: Класста тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн жолдору (“Ата-энелер менен иштешүү”, “Ата-энелер чогулушун өткөрүүнүн тартиби”) | Октябрь | Методист, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары |
| 13 | Насаатчы мугалимдердин жаш мугалимдерге үлгүлүү ачык сабактарын уюштуруу | Ноябрь | Методист |
| 14 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Ноябрь | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 15 | • Жаш класс жетекчилердин окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүүдө бирдиктүү талаптардын аткарылышына багыт берүү<br>• Мектеп документациясы менен иш алып барууну көзөмөлдөө (журналдын толтурулушу, объективдүү баанын коюлушу, окуучулардын өздүк делолору | Ноябрь | Методист |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | менен иштөө) | | |
| 16 | Жаш мугалимдердин жолдоштук сабакка кирүүлөрүн көзөмөлдөө | Декабрь | Методист, ОТИ боюнча завуч |
| 17 | Портфолиолордун толтурулушун көзөмөлдөө | Декабрь | Методист, насаатчы мугалимдер |
| 18 | Жаш мугалимдерди мектепте өтүлүүчү семинарларга, тренингдерге активдүү катыштыруу | Декабрь | Методист |
| 19 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Декабрь | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 20 | Жаш мугалимдердин сабакта колдонгон көргөзмө куралдарынын жасалышына көңүл буруу, эстетикалык жактан туура жасалышына багыт берүү | Январь | Методист |
| 21 | Жаш мугалимдерге бекитилген насаатчы мугалимдердин ишин көзөмөлдөө | Январь | Методист |
| 22 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Январь | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 23 | Кыйынчылыкка дуушар болгон жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү | Февраль | Методист |
| 24 | Мектеп ичинде “Эң мыкты жаш мугалим” конкурсун уюштуруу жана өткөрүү | Февраль | Методист |
| 25 | 2-3 жыл иштеп жаткан жаш мугалимдерге алгачкы педагогикалык манежге чыгууга багыт берүү | Февраль | Методист |
| 26 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Февраль | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 27 | Жаш мугалимдер үчүн практикалык семинар уюштуруу | Март | Методист |
| 28 | Тажрыйбалуу мугалимдердин ачык сабактарын уюштуруу, жаш мугалимдерди катыштыруу | Март | Методист |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 29 | Мектеп документациясы менен иш алып баруу (жазуу иштеринин алынышы, дептерлердин текшерилиш тартибине көңүл буруу) | Март | Методист, ОТИ боюнча завуч, насаатчы мугалимдер |
| 30 | Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасы боюнча насаатчы мугалимдер менен баарлашуу | Март | Методист, ОТИ боюнча завуч, директор |
| 31 | Педагогикалык манеж: "Жаш мугалимдердин жалпы коллективдин алдында чыгып сүйлөөсү жана өзүн алып жүрүүсү" | Апрель | Методист |
| 32 | Көчүрүү жана бүтүрүү экзамендерин жүргүзүүгө карата даярдык көрүүдө усулдук жардам берүү: "Экзамен алуунун эрежелери жана ыкмасы" | Апрель | Методист, ОТИ боюнча завуч |
| 33 | "Менин мектепке кошкон бир жылдык педагогикалык салымым" деген темада метод күн өткөрүү | Май | Методист, насаатчы мугалимдер |
| 34 | Жаш мугалимдердин жолдоштук сабакка кирүүлөрүн көзөмөлдөө | Май | Методист |
| 35 | Бир жыл ичинде жаш мугалимдердин иштеген ишине анализ жүргүзүү. Жаш мугалимдердин сунуштары, ой-пикирлерин эске алуу менен 2022-2023- окуу жылына карата болжолдуу план түзүү | Май | Методист, насаатчы мугалимдер |
| 36 | Окуу программаларын кайталоону жана жыйынтыктоочу текшерүү иштерди алууну көзөмөлдөө | Май | Методист, ОТИ боюнча завуч |
| 37 | Жаш мугалимдер үчүн өткөрүлүүчү шаардык семинарга катышууларын көзөмөлдөө | Ай сайын | Методист, насаатчы мугалимдер |
| 38 | Жаш мугалимдер жана насаатчы мугалимдер менен бирдикте баарлашуу, жыл жыйынтыгын чыгаруу | Ай сайын | Методист, насаатчы мугалимдер |

**Илимий методикалык иштер боюнча директордун орун басары: Курманбекова К.Ж**

Бекитемин
№87 орто мектебинин
директорлун у м а.
Акимбай к Нурия

2021-2022 – окуу жылына карата жаш мугалим Таирова Феруза Жыргалбековнага бекитилген насаатчы мугалим Окенова Чынаранын иш планы

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалим менен иштелүүчү иштин планын иштеп чыгуу | Сентябрь | Насаатчы мугалим | |
| 2 | Календардык-тематикалык планды түзүүгө көмөктөшүү | Сентябрь | Насаатчы мугалим | |
| 3 | Күндөлүк сабактардын план конспектисин жазууга жардам көрсөтүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 4 | Электрондук күндөлүк менен иштөөсүнө көмөктөшүү | Дайыма | Насаатчы мугалим | |
| 5 | Жаш мугалимдин сабагына катышуу, өзүнө-өзү анализ берүүсүнө көңүл буруу | Дайыма | Насаатчы мугалим | |
| 6 | Сабакта өзүн кандай алып жүрүү керек экендигине педагогикалык жактан жардамдашуу | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 7 | Мугалимдин журналды толтурушуна, объективдүү баа коюшуна, дептер текшерүүсүнө жардам берүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 8 | Мугалимдин класс менен иштөөсүнө, коомдукиштерге активддүү катышуусуна багыт берүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 9 | Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуусуна багыт берүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 10 | Өз билимин,кругазорун өркүндөтүүсүнө кеңеш берүү | Дайыма | Насаатчы мугалим | |
| 11 | Семинарларга катышуусун көзөмөлдөө | | Насаатчы мугалим | |

## Насаатчы мугалим Окенова Чынаранын жылдык отчёту

2021-2022-окуу жылында насаатчы мугалим катары жаш мугалим Таирова Феруза Жыргалбековнага бекитилдим.

Таирова Феруза 2021-2022- окуу жылында англис тил сабагынан мугалим болуп биринчи жыл иштеп баштады. Алгачкы күндөн баштап эле мугалимдин ишке дилгирлиги байкалып, мектеп турмушуна байланыштуу көп суроолор бар экенин айтып кызыгуу менен эмгек жолун баштады десем болот. Жаш мугалимге жылдын башында түзүлгөн план боюнча мүмкүнчүлүккө жараша жардам бердим.

Сентябрь айында мектеп документациясы боюнча керектүү көрсөтмөлөрдү алды. Ар бир окуучуга жасаган аракети өзүнүн изденүүсү менен жыл бою жакшы эмгектенди деп айта аламын. Жаш мугалим жөнүндө айта кетсем 2016 – жылы атайын орто билим менен БМПК окуу жайын бүтүргөн. Айрыкча мектептин англис тил декадасында өзүнүн профессионалдык-чыгармачылык деңгээлин жакшы көрсөтө алды.

Жыл ичинде сабактарына катышып керектүү сунуштарды алып, улам кийинки сабактарында айтылган кемчиликтерди оңдоого тырышып, чыныгы чыгармачыл мугалим боло ала тургандыгы мени ынандырды. Айрыкча сабактын структурасын сактап, керектүү негизги бөлүккө көңүл буруу керектигин үйрөнө алды.

Жыл башында дагы негизги иштердин бири класс журналы менен иштөөдө өзүнө керектүү сунуш, жардамдарды өз учурунда алып турду. Жыл ичинде үзгүлтүксүз тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу менен чыгармачылык изденүүсүн өстүрдү.

Сентябрь айында календардык план боюнча күдөлүк конспект жазууну толугу менен үйрөнүп, өздөштүрүп кете алды. Предмети боюнча өзү билген профессионалдык чыгармачылыгын мектептин коомдук иштеринде, декадалардын жабылышында, концерттик программаларда окуучуларды жакшы деңгээлде даярдап башка предмет мугалимдерине дагы чоң жардам көрсөтө алды деп насаатчы мугалим катары сыймыктануу менен айта аламын. Жыл ичиндеги шаардык мугалимдердин семинарларына да активдүү катышты.

Мен насаатчы мугалим катары Таирова Феруза Жыргалбековнага турмуш жолунда, чыгармачылык эмгек жолунда мындан ары да албан-албан ийгиликтерди каалап, «Ак Жол» демекчимин.

**Отчёт түзгөн насаатчы мугалим: Окенова Чынара Мукановна**

Бекитемин
№87 орто мектебинин
директорунун у.м.а.
Үкеева Н.С.

**Насаатчы мугалим Жапарова Жумабүбү 2021-2022- окуу жылына карата жаш мугалим Токтоназарова Айза менен иш алып баруу планы**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалимдер менен таанышуу | 01-15-09.2021 | | |
| 2 | 2021-2022-окуу жылына карата стандарт боюнча окуу программаларындагы окуу китептериндеги өзгөрүүлөр боюнча ангемелешүү, календардык планды түзүү | 30.09.2021 чейин | Насаатчы мугалим | |
| 3 | Жаш мугалимдерге класс менен иштөөдөгү мектеп документациясы менен иш алып барууга багыт берүү | Насаатчы мугалим тарбия завуч | Насаатчы мугалим методист китепканачы | |
| 4 | Жаш мугалимдердин план конспект жазуусуна жардам берүү жана көзөмөлдөө<br>Сабактын максаттарынын окуучунун позициясында коюу<br>Сабактын тибин аныктоо<br>Сабактын формасын туура тандай билүү<br>Сабактын илимийлүүлүгүн ача билүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 5 | Математикадан 1 жана 2 айланма дептерлердин өз алдынча жана текшерүү иши | Ар дайым | Насаатчы мугалим методист | |
| 6 | Ар кандай суроолор боюча баарлашуу. Керектүү жардамдарды көрсөтүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 7 | Жаш мугалимдерди насаатчы мугалимдин сабактарына катыштыруу | Ар дайым | Жаш мугалим насаатчы мугалим методист | |
| 8 | Жаш мугалимдердин сабагына катышып туруу | Ай сайын | Насаатчы мугалим | |
| 9 | Журнал толтурууга багыт берүү | Сентябрь Октябрь айлары | Насаатчы мугалим т | |
| 10 | Класстык сааттарды өтүүгө багыт берүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим тарбия завуч | |
| 11 | Жаш мугалимдерди тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катыштыруу | Ар дайым | Насаатчы мугалим методист | |
| 12 | Мектептин коомдук иштерине активдүү катышууга багыт берүү | Ар дайым | Жаш мугалимде | |

**2021-2022-окуу жылынын жарым жылдыктагы жаш мугалимдер менен иштөөнүн маалымдамасы**

2021-2022-окуу жылында администрация тарабынан башталгыч класстын мугалими Жапарова Жумабүбү Жемшибековна төмөнкү жаш мугалимдерге

Токтоназарова Азиза

Султанова Алтынайга насаатчы мугалим болуп бекитилдим. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу үчүн насаатчылык иш планын иштеп чыктым.

Жаш мугалимдер менен таанышуу  Токтоназарова Аиза Билимбековна Кыргыз Мамлекеттик И. Арабаев атындагы университетин 2021- жылы аяктаган. 2021-2022-окуу жылында № 87 орто мектебинде 2-д класска класс жетекчи болуп дайындалды.

Султанова Алтынай Чынарбековна Бишкек шаарындагы Таштан Эрматов атындагы музыкалык педагогикалык колледжине 2019-жылы тапшырып, 2021- жылы аяктаган. Ушул жылдан баштап № 87 орто мектебинин башталгыч класстын мугалими болуп дайындалды. 2-з класска класс жетекчи болуп иштеп жатат.

Бекитемин
№87 орто мектебинин
директорунун у.м.а
Укеева Н.С

**Насаатчы мугалим Бөлөкбай кызы Минаранын 2021-2022 окуу жылына карата жаш мугалим Шарипова Сезим Рысбековна менен иш алып баруу планы**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалимдер менен таанышуу | 01-15-09.2021 | | |
| 2 | 2021-2022-окуу жылына карата стандарт боюнча окуу программаларындагы окуу китептериндеги өзгөрүүлөр боюнча ангемелешүү, календардык планды түзүү | 30.09.2021 чейин | Насаатчы мугалим | |
| 3 | Жаш мугалимдерге класс менен иштөөдөгү мектеп документациясы менен иш алып барууга багыт берүү | Насаатчы мугалим тарбия завуч | Насаатчы мугалим методист китепканачы | |
| 4 | Жаш мугалимдердин план конспект жазуусуна жардам берүү жана көзөмөлдөө<br>Сабактын максаттарынын окуучунун позициясында коюу<br>Сабактын тибин аныктоо<br>Сабактын формасын туура тандай билүү<br>Сабактын илимийлүүлүгүн ача билүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 5 | Математикадан 1 жана 2 айланма дептерлердин өз алдынча жана текшерүү иши | Ар дайым | Насаатчы мугалим методист | |
| 6 | Аралыкта окутууда методикалык пикир алышуу<br>Онлайн сабагына катышуу | Убактылуу мөөнөткө чейин | Насаатчы мугалим | |
| 7 | Жаш мугалимдерди насаатчы мугалимдин сабактарына катыштыруу | Ар дайым | Жаш мугалим насаатчы мугалим методист | |
| 8 | Жаш мугалимдердин сабагына катышып туруу | Ай сайын | Насаатчы мугалим | |
| 9 | Журнал толтурууга багыт берүү | Сентябрь Октябрь айлары | Насаатчы мугалим т | |
| 10 | Класстык сааттарды өтүүгө багыт берүү | Ар дайым | Насаатчы мугалим тарбия завуч | |
| 11 | Жаш мугалимдерди тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катыштыруу | Ар дайым | Насаатчы мугалим методист | |

**2021-2022-окуу жылынын жарым жылдыктагы жаш мугалимдер менен иштөөнүн маалымдамасы**

2021-2022-окуу жылында администрация тарабынан башталгыч класстын мугалими Бөлөкбай кызы Минара төмөнкү жаш мугалимдерге

Шарипова Сезим Рысбековна

Асанбек кызы Анара

Нурланбек кызы Айгеримге насаатчы мугалим болуп бекитилдим. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу үчун насаатчылык иш планын иштеп чыктым.

Жаш мугалимдер менен таанышуу Асанбек кызы Анара Бишкек шаарындагы Таштан Эрматов 2019-жылы аяктаган. 2019-жылдын сентябрь айынан бери №87 орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштеп келе жатат. Анара 4-з класска класс жетекчи болуп дайындалды. Эмгек тажрыйбасы 2 жыл 5 ай болду.

Нурланбек кызы Айгерим Бишкек шаарындагы Таштан Эрматов атындагы музакалык педагогикалык колледжине 2017-жылы тапшырып, 2019-жылы аяктаган. Ошол жылдан баштап №87 орто мектебинин башталгыч класстын мугалими болуп иштеп баштады. 3-б класстын класс жетекчиси болуп дайындалды. Эмгек тажрыйбасы 2 жыл 5 ай

Шарипова Сезим Рысбековна И. Бийбос унов атындагы КПК колледжин 2017-жылы тапшырып 2020-жылы аяктаган. Ушул жылдан баштап №87 орто мектебинин башталгыч класстын мугалими болуп иштеп баштады. 2-ж класстын класс жетекчиси болуп дайындалды. Эмгек тажрыйбасы 1 жыл 4 ай

Жаңы окуу жылына карата стандарт боюнча окуу программаларындагы, окуу китептериндеги өзгөрүүлөр боюнча аңгемелешип календарлык план түзүүдө түшүндүрүү иштерин жүргүздүм, план түзүүдө жардам бердим. Жаш мугалимдерге класс жетекчилик иш алып барууда жана мектеп документациясы менен иш алып барууларына багыт берилди, сүйлөшүү жүргүзүлдү. План констпектти жазууда сабактын структурасы туура сакталышы, сабактын максатын туура коюусу, тиби , формасы, колдонулуучу ыкмаларды туура тандоо жөнүндө түшүндүрүү менен иш жүргүзүлдү. Класстык журнал толтурууга багыт берилди. Жаш мугалимдердин сабактарына катышып, методикалык жардамдарды көрсөтүп, тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышууга жана өзүбүздүн сабактарыбызга киргизип, сабак өтүп, методика алмашууга үйрөнүштү. Дидактикалык материалдардын эстетикалык жактан тарбия бере тургандай, талапка жооп берээрлик жазылышына багыт берилди. Дептер, күндөлүктөрүн текшерүүсүнө көзөмөл жүргүзүп үйрөттүм. Жаш мугалимдерди кабинеттерди жашылдандырууга жана абалына ар дайым көз салууга, таза кармоого үйрөтүлдү.

Аты аталган мугалимдер мектептин коомдук иштерине активдүү катышып, шаардык семинарларга барышты. 2020-2021-окуу жылында Шарипова Сезим, Асанбек кызы Анара “Керемет окуу” долбоору боюнча мектепте сабак өттү.

Утверждаю__________ и.о. директора Укеева Н.

**План работы учителя - наставника Тентиевой Айнагуль на 2021 – 2022 учебный год с молодым специалистом Рыскулбековой Нуркыз Рыскулбековной**

| № | Содержание работы | Время проведения | Примечание |
|---|---|---|---|
| 1 | Оказание помощи молодому учителю в составлении календарно-тематического плана на новый учебный год. | Сентябрь | |
| 2 | Изучение инструкций: как вести классный журнал, работа с электронным журналом. Выполнение единых требований к ведению тетрадей. | Сентябрь | |
| 3 | Методическая помощь учителю в разработке поурочных планов. | Сентябрь | |
| 4 | Посещение молодым специалистом уроков учителя-наставника в среднем и старшем звене | Октябрь – Ноябрь | |
| 5 | Посещение уроков, мероприятий, классных часов, праздников у опытных учителей школы. | Декабрь | |
| 6 | Развитие профессиональных умений и навыков молодого специалиста. | Весь год | |
| 7 | Оказание методической помощи молодому учителю в повышении общедидактического и методического уровня в организации учебно-воспитательной деятельности. | Весь год | |
| 8 | Проведение беседы на тему «Использование активных форм обучения на уроках русского языка и литературы». | Декабрь | |
| 9 | Совместная работа по проведению уроков с применением интерактивной доски. | Январь – Февраль | |
| 10 | Содействие в проведении открытого урока во время декады русского языка. | Март | |
| 11 | Обучение молодого учителя в работе над ошибками при проведении диктантов. | Октябрь | |
| 12 | Проверка участия молодого учителя в городских семинарах. | Весь год | |
| 13 | Дать направлении по методике проведения кружковой работы по русскому языку. | Ноябрь | |
| 14 | Взаимопосещение уроков, внеклассных мероприятий. | Декабрь | |
| 15 | Знакомство молодого учителя с правилами и методами приема экзаменов | Апрель | |
| 16 | Анализ проведенной работы за год и проведение итога | Май | |

Бекитемин:
№87 орто мектебинин
директору: [signature]
Укеева Н.С.

**2021-2022 - окуу жылына карата жаш мугалим Эркинов Акылбек Чубаковичке бекитилген насаатчы мугалим Толонбаева Чынара Дербишалиевнанын иш планы**

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаш мугалим менен иштелүүчү иштин планын иштеп чыгуу | сентябрь | Насаатчы мугалим | |
| 2 | Календардык-тематикалык планын түзүүгө көмөктөшүү | сентябрь | Насаатчы мугалим | |
| 3 | Күндөлүк сабактардын план конспектисин жазууга жардам көрсөтүү | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 4 | Электрондук күндөлүк менен иштөөсүнө көмөктөшүү | сентябрь | Насаатчы мугалим | |
| 5 | Жаш мугалимдин сабагына катышуу, өзүнө-өзү анализ берүүсүнө көңүл буруу | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 6 | Сабакта өзүн кандай алып жүрүү керек экендигине педагогикалык жактан жардамдашуу | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 7 | Мугалимдин журналды толтурушуна, объективдүү баа коюшуна, дептер текшерүүсүнө жардам берүү | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 8 | Мугалимдин класс менен иштөөсүнө, коомдук иштерге активдүү катышуусуна багыт берүү | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 9 | Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышуусуна багыт берүү | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 10 | Жаш мугалимдин отчёттук сабагын берүү | март | Жаш мугалим | |
| 11 | Экзамен алуунун эрежелерин жана ыкмаларын түшүндүрүү | апрель | Насаатчы мугалим | |
| 12 | Өз билимин, кругозорун өркүндөтүүсүнө кеңеш берүү | ар дайым | Насаатчы мугалим | |
| 13 | Шаардык семинарларга катышуусун көзөмөлдөө | ай сайын | Насаатчы мугалим | |

**Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында жаш мугалим Эркинов Акылбек Чубаковичке насаатчы мугалим Төлөнбаева Чынаранын берген отчету.**

Эркинов Акылбек Чубакович 2020-2021-окуу жылынан бери эмгектенип келет.Ошол убактан бери насаатчылык кылып келем.

Сентябрь айында жаш мугалим менен иштөнүн планы түзүлгөн.Ошол пландын негизинде иш алып барабыз.

Окуу жылдын башында календардык-тематикалык планы түзүлүп,каралып бекитилген.

Күндөлүк сабактардын план конспектисин жазууда структурасы,жазуу көлөмү сакталган.

Электрондук күндөлүгү өз учурунда толтурулуп,баалар так жана туура коюлуп келет,ошондой эле сабактын темалары,үй тапшырмасы,максаттары так жана туура коюлган,электрондук күндөлүгү менен журналдагы баалар,темасы баары дал келет.

Акылбектин сабагына ар дайым катышып келем жана өз кеңешимди берем.Акылбек былтыркы окуу жылына караганда быйылкы окуу жылында бир топ такшалгандыгын байкоого болот,айтылган сындарды түшүнүү менен кабыл алып оңдогонго аракетин кылат.Сабак өтүүдө убакытты туура пайдалануу,сабакка максат кое билүү,окуучулардын билимин туура баалоо,өзүн алып жүрүүсү боюнча кеңештер айтылат.Былтыркы окуу жылында айтылган анализдерди туура кабыл алып быйылкы окуу жылында бир топ жылыштар бар. Былтыркы окуу жылында убакытты пайдаланууда мугалим үчүн кыйынчылыктар болуп жатчу жана балдардын билимин баалоодо катачылыктар кетчү.Быйылкы окуу жылында убакытты туура пайдаланууда,окуучулардын билимин объективдүү баалоодо,өзүн алып жүрүүсүндө жана ошондой эле сабакты окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүүдө катачылыктарын оңдоого далалат кылып келет жана сунушту туура кабыл алат.Өзүнө-өзү анализ берүүсүнө көңүл бурам.

Дептер текшерүүдө да сунуштар айтылып аткарылып келет.Окуучулар№1,№2,№3 дептерлерин башташкан.

Акылбек быйылкы окуу жылында 5-класска класс жетекчилик кылып келет. Мугалимдин класс менен иштөөсүнө да жардамымды берип келем жана так,туура аткарууга сунушумду айтам,ар бир окуучунун мүнөзүнө жараша мамиле кылуусуна көмөктөшөм.

**2021-2022-окуу жылына карата жаш мугалимге бекитилген насаатчы мугалим Сыдыкова Жакут Закировнанын бир жылдык отчетунун анализи**


2020-2021-окуу жылынан тартып география мугалими Табалды кызы Айжанга насаатчылык иш алып бардым. Табалды кызы Айжан 1998-жылы13-ноябрда Нарын областынын Кочкор районундагы Кара-Тоо айылында төрөлгөн. 2016-жылы мектепти бүтуп, ушул эле жылы Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун География Экология жана Туризм факультетине тапшырып, 2020-жылы окууну бүтүргөн. Кайра эле ушул факультетке магистратурага тапшырган. Кесиптик ишин ушул мектептен баштады жана анын тандап алган темасы «География сабагын окуутуда, заманбап билим берүү аркылуу, ар бир окуучунун интелектуалдык жана инсандык оугүшүнөшарт түзүп, кесипкөй муунду тарбиялоо ». 2021 -2022-окуу жылында 7-8-класстарга сабак берет. Окуу жылынын башталышы менен календарлык, сабактын пландарын уюштуруу боюнча көрсөтмөлөрдү алды. Журналдарды толтурууда, чейректик бааларды коюуда Айжанга жардамымды берип турдум.Айжан окуу жылынын башталышы менен тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып, тажрыйба алмашып турду. Мен насаатчы катары жарым жылдын ичинде бир нече жолу сабактарына катышып төмөнкүлөрдү байкадым. Мисалы, 30.09.2021 7-а класска өткөн «Жердин атмосферасы» деген теманы өтө жакшы түшүндүрдү. Окуучулар менен мугалимдин ортосунда кайтарым байланыш бар. Өтүлгөн теманы окуучулар жакшы түшүнүп, сабакты бышыктоо үчүн берилген суроолорго активдүү жооп берип жатышты.

25.10.2021 7-в класска «Африка" деген темада өткөн сабагына катышканда да, абдан кызыктуу өттү. Айжан өз предметин абдан жакшы билет жана окуучуларга жакшы түшүндүрүүгө аракет кылат. Географиялык терминдерге басым жасап, окуучулардан да так жообун талап кыла алат.


Ал эми 04.11.21 8-д классына "Кыргызстандын дүйнө жүзүнөн алган орду" деген темада окуучулар сабакка абдан активдүү катышып, берилген суроолорго так, туура жооп берүүгө аракет кылып жатышты. Айжан ар бир сабагында сабактын регламентин сактап, туура уюштура алат. 06.12.2021 8-а классына өткөн


„Мөнгүлөрдүн жаратылыштагы жалпы закон ченемдүүлүктөрү" деген темасны өтүүдө да, теманы окуучуларга жеткиликтүү кылып түшүндүрө алды. Айжандын ар бир өткөн сабактарындагы кемчиликтери өз учурунда айтылып, сунуштар берилди. Бирок Айжан өз ишине өтө жоопкерчилик менен мамиле жасайт жана ар бир темасын өтө кызыктуу өтөт. Ошондой эле Айжан менин да бир нече сабактарыма жана тажрыйбасы көп мугалимдердин сабактарына катышып, өзүнө керектүү болгон көп нерселерди алгандыгын айтты. 2021-2022-окуу жылынан тартып Айжан 7-е классына класс жетекчилик кылып иштеп жатат. Класс менен иштөөдө да ал өзүнүн мыкты денгээлин көрсөтүп, ар бир окуучу менен иш алып барганын жыйынтыгы көрүнүп жатат. 2022-жылы президент тарабынан "Тоо экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялангандыктан" Айжан мектепте болгон иш чараларга катышып, өзүнүн предметин мыкты денгээлде биле тургандыгын тастыктады. 1класстан 1көчөт атуу мектеп ичинде уюшулган долбоорду жетектеп, иш-чараларды уюштуруп келет. Учурда Айжан Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинде География, экология жана Туризм факултетин магистр даражасы менен аяктап жатат. Келечекте Айжандан өтө мыкты мугалим чыгат.

| №' | класс | саны | 1-чейрек% | 2-чейрек% | 3-чейрек% | 4-чейрек% | Жылдык% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 7-а | 36 | 63 | 72 | 61 | 72 | 64 |
| 2 | 7-б | 36 | 41 | 51 | 48 | 50 | 50 |
| 3 | 7-в | 36 | 41 | 47 | 53 | 54 | 57 |
| 4 | 7-г | 36 | 30 | 47 | 42 | 42 | 42 |
| 5 | 7-д | 36 | 38 | 36 | 35 | 38 | 35 |
| 6 | 7-ж | 36 | 25 | 30 | 17 | 29 | 29 |
| 7 | 7-е | 35 | 37 | 73 | 70 | 55 | 69 |




| № | класс | саны | 1-чейрек % | 2-чейрек% | 3-чейрек% | 4-чейрек% | Жылдык% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 8-а | 38 | 52 | 65 | 52 | 78 | 62 |
| 2 | 8-б | 36 | 47 | 48 | 38 | 35 | 41 |
| 3 | 8-в | 37 | 51 | 65 | 71 | 47 | 68 |
| 4 | 8-г | 36 | 58 | 67 | 61 | 56 | 64 |
| 5 | 8-д | 36 | 52 | 64 | 47 | 47 | 51 |
| 6 | 8-е | 36 | 33 | 47 | 35 | 39 | 44 |




Мониторингдин жыйынтыгы боюнча бардык класстарда эле1-2-чейректерде билим сапаты өскөн, ал эми 3-4-чейректерде 7-ж классында билим сапты төмөн түшүп кеткен, себеби темалардын оордугунан жана практикалык иштердин жазууда, карта менен иштөөдө окуучулар кыйналышкан.2-чейректе 5 алып жүргөн 1 окуучу 4кө түшкөн, 4 алып жүргөн 4 окуучу 3 кө түшүп калган. Бирок 4 чейректе кайра билим сапаты көтөрүлгөн. 7-е классында билим сапатынын 4-чейректе түшүп кетисүүнүн себеби, Насиридинова Мээргүл сабакты көп калтыргандыктан жана көп кечигип келгендиктен, темаларга жетише албай 3 чыгып, Жусупбекова Айпери онлайн окууга чыккандыктан, окуусунан жетишүүсү артта калып, 4-чейректе 3 чыккандыктан, билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөттү. жана бир  жылдык план программадагы темалардын бардыгы өтүлгөн.

Мугалим келечекте тажрыйбалуу, үлгүлүү мугалимдердин катарын толуктай алат деп ишенемин.

**Айжандын бир нече сабактарына катышуу менен мен төмөнкүлөрдү сунуш кыламын:**

**1.**Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына көбүрөөк катыш

**2.** Көргөзмө куралдардын эстетикалык жагына көңүл бур

**3.**Сабактын ар кандай формаларын колдон

**4.**Начар окуган окуучулар менен көбүрөөк иш алып бар.